# Петрос жана анын ити



Автор: Бетхелихем Уалтенегус

Сүрөтчү: Брайан Уамби

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Петрос жана анын ити

Автор: Бетхелихем Уалтенегус
Сүрөтчү: Брайан Уамби
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses /by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


*Petros and his dog*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Петрос жана анын ити" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Бетхелихем Уалтенегус, сүрөтчү Брайан Уамби, African Storybook ©2017 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.africanstorybook.org/read.php?id=20771

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Петрос – аябай акылдуу, класстагы эң мыкты окуган балдардын бири. Ата-энеси Петрос менен сыймыктанат. Бала өзү инилүү, карындаштуу болсом, же багып караганга үйдө кайсы бир жаныбар болсо деп тилейт.



– Мен көчөгө чыгып, досторум менен ойноп келсем болобу? Сабактардын баарын окуп бүтүрүп койдум, – деди Петрос апасына.

– Макул, ойной бер. Бирок кечикпей кел, – деди апасы.




Балдар аянтчасына баратып, Петрос бир нерсени көрдү. Агыш-күрөң темгилдүү кичинекей күчүк чуңкурга түшүп кетип, аябай коркуп калган экен.

– Коркпо, мен сени эч нерсе кылбайм. Сага жардам берем, – деди Петрос.



Петрос күчүктү чуңкурдан алып чыкты. Күчүк кубанып, баланы тегерене секирип, колдорун жана бетин жалап жиберди.

– Сен эми менин күчүгүм болосуң, – деп Петрос сүйүнүп, оюн аянтчасын көздөй ээрчитип келе жатты.




Күчүк бир топ алдыга жүгүрүп кетти. Петростун достору утурлай жүгүрүп келе жаткан күчүктү көргөндө:

– Бул ит бизди каап алып жүрбөсүн! – дешти. Алар жерден таш ала калып, бечара күчүктү ура баштаашты. Петрос аларды карай жүгүрдү. Ал досторун токтотууга ашыгып, кыйкырып келе жатты.



Бирок достору аны уккан жок. Кичинекей күчүк өзүнүн өмүрүн сактап калыш үчүн жанталашып качып жөнөдү. Ал артынан кууп келаткан тентектерден жашынганга үлгүрдү. Балдар күчүктү таппай калышты.




Баланын достору оюн аянтчасына кайтып келишип, ыйлап отурган Петросту көрүштү.

– Сага эмне болду? – деди алардын бири.


– Силер менин күчүгүмдү таш менен уруп кубалап салбадыңарбы! – деди Петрос ыйлап жатып.

– Ал сенин итиң экенин билген жокпуз. Бизди кечирип койчу. Жүргүлө, күчүктү чогуу издейли! – дешти балдар.



– Аны издегенден эми пайда жок. Биз эми менин күчүгүмдү эч качан таппайбыз, – деди капа болгон Петрос .

– Биз аны таап беребиз. Жүрү, Петрос, издейли. Сөзсүз табабыз, кайгырба! – деп достору аны сооротушту.



Петрос жана анын достору күчүктү керели-кечке издеп, аябай чарчап калышты.

– Күчүк бара турган бир эле жер бар. Балким, ошол жерде болуп жүрбөсүн. Эгер ал жакта жок болсо, аны издегенди токтотолу. Суу жакка баралы! – деди Петрос.




Күчүк жакындап келе жаткан балдарды көргөндө коркуп кетти. Ал суунун аркы өйүзүнө сүзүп өтөйүн деди. Бирок суудан коркту. Күчүк акыры айласы кетип, сууга секирмекчи болгондо, Петрос:

– Токто, секирбе! – деп чакырды.



Кучүк баланы көрүп, жүгүрүп келди. Петрос күчүгүн кучактап калды. Күчүк баланын бетин жалап жиберди.

– Досум, мен сени жоголуп кетти экен деп ойлободумбу! – деп Петрос сүйүнүп жатты.



Оюн аянтчасына кайтып келип, Петрос досторуна:

– Бирдеме кылардан мурун ойлонуш керек. Башкаларга зыян келтирбегиле! – деп кеңеш берди.

Достору Петростун айтканын угушуп:

– Бизди кечирип кой. Бул ит мындан кийин биздин досубуз да болот, – дешти.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бетхелихем Уалтенегус
Сүрөтчү: Брайан Уамби
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли